«Бекитемин»
Ош технологиялык университетинин
ректору т.и.к.,доцент Турсунбаев
Жанболот Жанышович ____________
«_01_» ____________ 2022ж.

Ош технологиялык университетинин «Экономика жана башкаруу» факультетинин «Экономика жана финансы» кафедрасынын 2022-жылдын 13-октябрындагы кеңейтилген кезексиз отурумунун №3 протоколунан

**КӨЧҮРМӨ**

**Катышкандар:** Ташбаев А.М. э.и.д.,профессор м.а., ОшТУ нун "Экономикадыгы колдонмо информатика" кафедрасынын башчысы; Кулуева Ч.Р.-э.и.д.,профессор, ОшМУ; Култаев Т.Ч. -э.и.д., профессор, ОшМУ; Турдиев Т.И.-э.и.д., профессор Ош шаарындагы Россия социалдык мамлекеттик университетинин директорунун орун басары, Низамиев А.Г.-г.и.д., профессор, ОшМУ; Гыязов А.Т.-э.и.д., прфессор м.а., БатМУ нун ректору; Джоробаева М.А.- э.и.д., доцент, ОшМУ; Кедейбаева Ж.А. ф.и.д., прфессор м.а., ОшТУ нун "Социалдык иштер жана бизнести башкаруу" кафедра башчысы; Абдиев М.Ж.-э.и.д.,профессор м.а., ОшТУ; кандидаттар жана доценттер: Артыков А.Ж.-ф.м.и.к.,доцент "Экономика жана башкаруу" факультетинин деканы; Ташматова Г.Э- э.и.к.,доцент Ош шаарындагы Россия социалдык мамлекеттик университети; Атабеков А.К.-э.и.к.,доцент, «Менеджмент» кафедрасынын башчысы, ОшТУ; Баймуратов А.А.-э.и.к., доцент, ОшТУ; Кутманбекова.А.А.-э.и.к.,доцент, ОшТУ; Усанова Ж.У.-э.и.к.,доцент ОшТУ; Хамзаева А.М.-э.и.к., доцент, "Бухгалтердик эсеп жана аудит"; кафедрасынын милдетин аткаруучу ОшТУ; Самиева К.Т. э.и.к.,доцент ОшТУ; Астанова С.А.-э.и.к., доцент ОшТУ; Мамашев К.А.-э.и.к., доцент ОшТУ; Наралиев Т.А.-э.и.к.,доцент м.а., ОшМУ; Эсенбаев Н.Т.э.и.к.,доцент, ОшТУ; Тешебаева З.А.-б.и.к.,доцент м.а., ОшТУ; Парпиева Ф.С.э.и.к., доцент м.а. ОшТУ; Омошева Б.И. ОшТУ нун доценти м.а.; ага окутуучулар: Темирбаева С.К., Дыйканова Г.А., Кадырова Т.К., Жолдошов Б.Р.,Жусупова Г.Д.,;окутуучулар: Керимбаева Т.Э.,Кудайбердиева А.С.

**Кеңейтилген отурумдун төрагасы:** «Экономика жана финансы» кафедрасынын башчысы э.и.к., доцент Зикираев М.Т.

**Катчысы:** окутуучу Кудайбердиева А.С.

**Күн тартибинде:**

1.Ош ТУ нун "Экономика жана финансы" кафедрасынын изденүүчүсү Умаров Сайбидин Тойчуевичтин 08.00.05- "Экономика жана эл чарбасын башкаруу" адистиги боюнча экономика илимдеринин доктору окумуштуусунун даражасын изденип алуу үчүн "Кыргызстандын агроөнөр-жай өндүрүшүнүн атаандаштык

…ндөмдүүлүгүнө таасирин тийгизген шарттар жана факторлор”.- аттуу темадагы жазган доктордук диссертациялык ишин талкуулоо.

2.Ар түрдүү маселелелер.

**Угулду:**

**Кеңейтилген отурумдун төрагасы: -э.и.к.,доцент, Зикираев М.Т.** “Урматтуу кесиптештер”! Жогорку окуу жайлар илимий ачылыштардын базасы болуп, коомдун өнүгүшүнө жана калыптаныша салымын кошот. Бул багытта биздин Ош технологиялык университети алгылыктуу иштерди жүргүзүүдө. Сиздердин назарыңыздарга изденүүчү Умаров Сайбидин Тойчуевичтин экономика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн «Кыргызстандын агроөнөр-жай өндүрүшүнүн атаандаштык жөндөмдүүлүгүнө таасирин тийгизген шарттар жана факторлор» -аттуу темадагы жазылган доктордук диссертациясын ишин талкуулоону сунуштайбыз. **Илимий кеңешчиси:** экономика илимдеринин доктору, профессор Канторoева Гулзат Канторoевна.

Талкууга бул багытта иш алып барган адистер чакырылган, изденүүчүнүн сөзүнөн кийин өз ойлоруңуздарды айтып, суроолорду берсеңиздер болот.

Талкууну баштоо жөнүндө сунуштар түштү, анда сөз кезегин изденүүчү С.Т.Умаровго илимий эмгегинин негизги жоболору менен тааныштырууга беребиз. Регламент 15-20 мүнөткө чейин. Анда сөз изденүүчү С.Т.Умаровго берилет.

**С.Т.Умаров.** Урматтуу талкуунун катышуучулары! Сиздердин назарыңыздарга «Кыргызстандын агроөнөр-жай өндүрүшүнүн атаандаштык жөндөмдүүлүгүнө таасирин тийгизген шарттар жана факторлор» -аттуу темадагы жазылган доктордук диссертациялык эмгегибизди сунуштайбыз. Диссертациялык иш кириш сөздөн, беш бөлүмдөн, корутундудан жана колдонулган адабияттардын тизмесинен туруп таблицаларды, сүрөттөрдү камтыйт.

**Илимий ишимдин актуалдуулугу.** Рыноктук мамилелер эркин ишкердик ишмердүүлүк жана өндүрүлгөн продукцияны сатуу каналдары аркылуу сатуу жана кайталап өндүрүү процессиндеги атаандаштык менен мүнөздөлөт, ага товарлар менен кызматтардын өндүрүүчүлөрү, рыноктун субъектилери катышат, анда өндүрүлгөн продукцияны, товарды керектөөчүлөргө алга жылдыруу каналдары жана соода объектилери боюнча бөлүштүрүү жүргүзүлөт, товарлардын менен кызматтардын, ошондой эле өндүрүштүк жана жеке керектөө түрүндө керектөөчүлөрдүн өздөрүнүн айлануусу ишке ашат.

Өз кезегинде, экономикалык өнүгүү экономиканын өндүрүштүк, инфраструктуралык, соода жана башка секторлорунун аракеттениши менен, ал эми социалдык өнүгүү социалдык чөйрөнүн билим берүү, саламаттыкты сактоо, маданият, илим ж.б.у.с тармактарынын иш-аракети менен камсыз кылынат. Мындай бөлүү шарттуу, анткени иш жүзүндө экономикалык жана социалдык өнүгүүнү бири-биринен бөлүп кароого болбойт. Тагыраак айтканда, социалдык өнүгүү экономикалык өнүгүүгө таасирин тийгизет жана тескерисинче, экономикалык өнүгүү социалдык өнүгүүнү шарттайт. Алардын тыгыз байланышы жана бири-бирин шарттaшы экөө тең адамдын өзүнүн өнүгүүсүнө, материалдык жана руханий

...убаттуулуктун тиешелүү деңгээлин камсыз кылууга, ошондой эле адамдардын яшоосунун деңгээлин жогорулатууга кызмат кылат экендиги менен байланышкан, бул социалдык-экономикалык өнүгүүнүн түпкү максаты болуп саналат.

**Илимий диссертациямдын коргоого алып чыгуучу негизги жоболор:**

- агроөнөр жай өндүрүшүнүн продукциясынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн маңызы жана мазмуну жөнүндө такталган жана толукталган теориялык жоболор;
- АӨЖК продукциясынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн баалоого өндүрүштүн натыйжалуулугуна жетишүү, өндүрүүчүлөрдөн керектөөчүлөргө чейинки товардын кыймылын, ошондой эле АӨЖК продукциясына суроо-талапты калыптандыруу аркылуу жасалган толуктоолор;
- агрардык сектор менен тамак-аш өнөр жайынын продукциясынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн жогорулатуу боюнча автор тарабынан сунуш кылынган чаралар.

**Менин изденүүдөгү жеке салымдарым** агроөнөр жай өндүрүшүнүн продукциясынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуунун шарттарын жана факторлорун теориялык жалпылоодо; агроөнөр жай чөйрөсүнүн атаандаштык жөндөмдүүлүгүн өлчөө методикасына тактоолорду жана толуктоолорду киийрүүдө; АӨЖК кирген чөйрөлөрдүн атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу боюнча сунуштарды иштеп чыгууда; мөмө-жемиштерди өстүрүү, кайра иштетүү жана эл аралык аренада реализациялоо долбоорунун эксперименталдык эсептөөлөрүн жүргүзүүдө турат.

Изилдөөнүн натыйжасында төмөнкүдөй жыйынтыктар чыгарылып, практикалык сунуштар даярдалды:

1. Атаандаштык жөндөмдүүлүгү – рынокко багытталып даярдалган продукциянын сапаты, аларды керектөөнүн шарттары жана натыйжалары, товарлардын баалары, суроо-талаптын жана сунуштун көлөмү сыяктуу кубулуштарды камтыган татаал экономикалык категория. Атаандаштык жөндөмдүүлүгү түшүнүгү, автордун пикиринде, рынокто, товар өндүрүүчүлөр менен алардын керектөөчүлөрүнүн ортосундагы өндүрүштүк, соода жана башка мамилелер процессинде, ошондой эле рыноктук мамилелердин катышуучуларынын ортосунда рыноктук мейкиндикте жана убакытта гана орун алат.

2. Атаандаштык жөндөмдүүлүгү атаандаштардын ортосунда белгилүү функцияларды аткаруунун жүрүшүндө келип чыгат. Атандаштык жөндөмдүүлүгүнүн келип чыгышынын жалпы аянты – бул коомдун максатына социалдык-экономикалык өнүгүү жолу менен жетүү. Мындай жалпы максат көп сандаган максаттарга жана маселелерге бөлүнүшү мүмкүн. Мисал катары адамдардын агроөнөр жай комплексинин продукцияларына болгон талаптарын канааттандыруу зарылдыгын белгилөөгө болот.

3. Агроөнөр жай комплексинин курамына айыл чарбасы, кайра иштетүү, агроөнөр жай өндүрүшүнүн продукциясын ташуу, айыл чарба продукциясын сактоого арналган инфраструктура объектилери, айыл чарба продукциясын керектөө

[illegible]рдоого шарт түзгөн логистикалык борборлор, ошондой эле айыл чарбасына техника, минералдык жер семирткичтерди ж.б. жеткирип берген тармактар кирет. Анткен менен изилдөөлөрдө жана практикалык ишмердүүлүктө АӨЖКинин өндүрүштүн конкреттүү шарттарына жана масштабдарына карап шарттуу бөлүнүштөрүн кабыл алууга болот, ошондуктан автор бул жерде агроөнөр жай комплекси деп кайра иштетүү жана агроөнөр жай секторун жана экономиканын ушул эки секторунун иштеши менен байланышкан бардык тармактарды атайт. Алсак, Кыргызстанда айыл чарбасына техниканы жана минералдык жер семирткичтерди жеткирип берүү ж.б.у.с нерселер.

4. Автор агроөнөр жай өндүрүшүнүн товарларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнө көптөгөн факторлор таасирин тийгизет, ал ошондой эле көптөгөн белгилер (келип чыккан жери, аракеттенүү мүнөзү, тармактык таандыктыгы ж.б.) боюнча классификацияланышы мүмкүн. Биздин оюбузча факторлорду агроөнөр жай өндүрүш продуктыларынын сапаты, баасы жана керектөөнүн ыңгайлуулугу топтоштуруу ыңгайлуураак деп эсептейбиз. Анткени менен бул бардык товарлар жана кызматтар биринчи кезекте жогоруда саналган касиеттери менен атаандаштык жөндөмдүүлүгүнө ээ болушу менен шартталган. Мындан тышкары, атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн уюштуруучулук факторлоруна өзгөчө басым жасалат, алардан товардын рынокко керектүү жерде жана керек убакытта чыгышы көз каранды болот.

5. Экономиканын глобалдашуу жана экономикалык байланыштардын БДСУ, ЕАЭБ сыяктуу уюмдарга кеңири интеграциялануу шарттарында чет өлкөлүк тажрыйбаны пайдалануу чоң мааниге ээ экендиги көрүүгө болот. Андыктан тигил же бул чет өлкөлүк тажрыйбанын мазмунуна эле эмес, аны Кыргызстандын тажрыйбасында пайдалануу мүмкүндүгүнө басым жасаш керек.

6. Агроөнөр жай өндүрүшүнүн атаандаштык жөндөмдүүлүгү тармактын ишинин натыйжалуулугу менен тыгыз байланышта экени көрүнүп турат. Андыктан Кыргыз Республикасынын АӨЖКсынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу тармакты инновациялык өнүктүрүү, материалдык-техникалык базаны модернизациялоо, алдыңкы технологияларды кийирүү, рыноктук менен мамлекеттик жөнгө салуу механизмдерин айкалыштыруу шарттарында гана ишке ашат.

7. Атаандаштык жөндөмдүүлүгү тармактын, ишкананын, продукциянын деңгээлинде бааланышы мүмкүн. Тармактын атаандаштык жөндөмдүүлүгүнүн критерийлери болуп продукцияны сатуунун көлөмү, кирешелүүлүк көрсөткүчтөрүнүн жогорулашы, экспорттун көлөмү, кайра иштетүү өнөр-жайынын экспортунан салык жана бажы көлөмдөрүнөн келип түшкөн өлчөмү саналат. Агроөнөр жай продукциясынын атаандаштык жөндөмдүүлүгү продукциянын сапаты, баасы жана керектөөчүлөрдүн канааттануу даражасы менен бааланышы мүмкүн.

8. Продукциянын, ишкананын, тармактын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн баалоонун комплекстүү, эксперттик, салыштыруу, интегралдык ж.б. көптөгөн ыкмалары сүрөттөлдү. Атаандаштыктын кайсы деңгээли, кандай ыкма менен

...жатканына карабастан, эң башкысы, анын бардык аспектилерин бир ...де, системалуу, комплекстүү талдоо зарыл экендиги менен аныкталды.

9. Агроөнөр жай өндүрүшүнүн атаандаштык жөндөмдүүлүгүн баалоо ...масын анын продукциясына болгон рыноктук суроо-талапты канааттандырууну эске алуу менен тактоо жана толуктоо сунуш кылынат.

Практикалык сунуштар:

1. Кыргыз Республиканын агроөнөр жай өндүрүшүнүн акыркы жылдардагы өнүгүү тенденцияларынын, импорттук жана жергиликтүү агроөнөр жай продукцияларын атаандаштыктын деңгээлинин анализи ЕЭАБге интеграциялануу шарттарында тармакта жандануу болгон менен олуттуу көйгөйлөр бар экендигин көрсөттү. Талдоонун натыйжасында агроөнөр жай комплексин өнүктүрүүгө жана анын ички жана тышкы рыноктордо атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга таасирин тийгизген негизги шарттар жана факторлор катары жагымдуу экологиялык абал, арзан эмгек жана сырье русурстары, экологиялык жактан таза продукциянын жогору бааланышынын белгилениши маанилүү .

2. Агроөнөр жай өндүрүшүнүн учурдагы абалын изилдөөнүн натыйжасында республикада өндүрүштүн деңгээли учурдагы талапка жооп бербейт деп бүтүм чыгарууга болот. Жургузүлгөн анализдин натыйжасында калктын эт жана сүт азыктарына, жумурткага, жашылча-жемиштерге, унга, териден, жүндөн жасалган буюмдарга ж.б. болгон муктаждыктарын ата мекендик продукция менен канааттандыруу шартында тармактын өнүктүрүүнүн резервдери бар экендиги аныкталып байкалган жана аларды замандын талабына ылайык продукцияларын кайра иштетүү жолдору менен өндүрүүгө болот.

3. Республиканын агроөнөр жай өндүрүшүнүн атаандаштык жөндөмдүүлүгүнө терс таасирин тийгизген көйгөйлүү маселелер катары сырьенун сапатынын төмөндүгү, чарбалар аралык интеграциянын жоктугу, логистиканын анча өнүкпөгөндүгү, жабдууларды модернизациялоо үчүн каражаттардын жетишсиздиги, башкаруу механизмдеринин так эместигин көрүүгө болот жана аларды өз нугуна салып өркүнлөтүү зарыл деп эсептейбиз. Анткени дүйнөлүк аренада жогору экендигтн көрүүгө болот.

4. Агроөнөр жай өндүрүшүнүн атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн биринчи кезекте соода-логистикалык борборлорун түзүү; ата мекендик өндүрүүчүлөргө колдоо көрсөтүү; экспортко стимул түзүү, тармакта атаандаштыкты өнүктүрүү чараларын ишке ашыруу зарыл. Жеңилдетилген насыя, пайысзыз насыя, мамлекеттик кайтарымсыз насыялар, гранттык программалар, салыктык жеңилдиктер, жана мыйзам базасын өркүндөтүү чаралары Кыргыз Республикасынын АӨКсын өнүктүрүүгө шарт конкреттүү шарт түзүлмөк..

5. АӨЖКинин атаандаштыгын жогорулатуу жолдоруна тармакты инновациялык өнүктүрүү, керектөөчүлөрдүн суроо-талабына жана төлөө жөндөмдүүлүктөрүнө туура келген арзан жана сапаттуу продукцияларды өндүрүү, чарбалардын тыгыз интеграциялоо жана кластерлештирүү менен чыгымдарды

…, агроөнөр жай продукциясын реализациялоону жолго коюу максатында логистикалык борборлорду түзүү сунушталат.

6. Атаандаштык артыкчылыктарын камсыз кылууда айыл чарбасы, кайра иштетүү, камсыздоо жана соода секторлору менен байланышты күчөтүү чоң мааниге ээ. Бул максатта агроөнөр жай бирикмелерин калыптандыруу жана өнүктүрүү, республиканын агроөнөр жай чөйрөсүндө өндүрүш факторлорунун детерминанталарынын аракеттенүү шарттарында атаандаштык артыкчылыктарды түзүү боюнча аракеттердин алгоритмине басым жасаш керек.

7. Агроөнөр жай өндүрүшүнүн өнүктүрүүнүн стратегиялык багытын иштеп чыгууда тармактагы көйгөйлөрдү аныктоо, агробизнес системасынын катышуучуларынын кызыкчылыктарынын эске алуу зарыл.

8. Долбоордук-эсептик ыкмалардын жардамында кара өрүктү өстүрүү, кайра иштетүү жана сатуунун мисалында өндүрүштүн атаандаштыкка жөндөмдүү ишмердүүлүгүн жана агроөнөр жай өндүрүшүнүн продукциясын сатуунун, мөмө жемишти өстүрүүнү, кайра иштетүүнү жана сатууну эл аралык интеграциялоонун зарылдыгы негизделиши учурдун талабы.

9. Мөмө-жемиштерди өстүрүүдө, кайра иштетүүдө жана сатууда логистиканын шарттарын калыптандыруу тармактын атаандаштык артыкчылыктарын камсыз кылынышы. Мөмө жемишти кайра иштетүүнү, сатууну жана керектөөнү эл аралык интеграциялоону өнүктүрүүнүн жана анын продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу стратегиясы иштелип чыгышы зарыл.

**Төрага:** Урматтуу кесиптештер сиздер менен изденүүчү С.Т Умаровдун толук маазмунун камтыган докладын уктук. Эми доктордук диссертациялык иш боюнча суроо-жоопко өтсөк:

**1.э.и.д., профессор А.М.Ташбаев:** 1. Сиз өзүңүздүн илимий изилдөөңүздө ата мекендик окумуштуулардын изилдөөлөрүн карап чыктыңызбы?. 2.Илимий макалаларыңыздын жарык көрүүсүн ЖАК талаптарына туура келеби?.

**С.Т. Умаров:** Биринчи суроо боюнча айыл чарбасын атаандаштык жөдөмдүүлүк тийгизген кээ бир багыттары боюнча окумуштуулардын изилдөөлөрү жүргүзүлгөн. Бул маселеде илимий ишимде каралган.

Экинчи суроо боюнча: Бул багытта илимий эмгектерим ЖАК талаптарына ылайык чыгарылган.

**2.г.и.д., профессор А.Г. Низамиев:** 1.Биздин айыл чарба продукциясынын өндүрүүчүлөр дүйнөлүк деңгээлдеги атаандаштыкка чыга алабы?. 2.Изилдөөнүн негизинде кандай атаандаштыктын кандай шарттарын изилдеп чыктыңыз жана кандай сунуштарыңыз бар?

**С.Т. Умаров:** Биринчи суроо боюнча айыл чарбасында атаандаштыкка чыгаруу үчүн органикалык продукцияларды өстүрүү өндүрүү мүмкүн болушунча экологиялык таза продукцияларды алып чыгуу керек анткени дүйнөлүк деңгеелде да ошол талаптарга жооп бериши керек. Дагы бир айта турган нерсе жеткиликтүү көлөмдө жана сапатту айыл чарба продукцияларын даярдоо керек экендигин баса

[illegible] болот. Экинчи суроо боюнча: Автор тарабынан айыл чарба өндүрүшүнүн атаандаштык мүмкүнчүлүгүн жогорулатууну боюнча теориялык жана практикалык жолдору жалпылаштырылды. Теориялык жалпылаштыруунун жана комплекстик талдоонун негизинде айыл чарба өндүрүшүнүн атаандаштык мүмкүнчүлүгүн жогорулатуунун жолдору иштелип чыкты. Кээ бир эсептөөлөр конкреттүү цифралык мааниге жеткирилди жана чарбалык субъектилердин иш практикасында толугу менен колдонулушу мүмкүн.

**3. э.и.к.,доцент А.К.Атабеков:** 1.Атаандаштык жөнүндө теориялык жана методологиялык иштерди терең карадыңызбы?. 2. Айыл чарба өндүрүүчүлөрдүн дүйнөлүк рыногуна чыгууда кооперативтештирүүнүн жалпы орду кандай деп ойлойсуз?.

**С.Т. Умаров:** Биринчи суроо боюнча атаандаштык жөнүндө теориялык багытта иштелген чет элдик окумуштуулардын жана ата мекендик окумуштуулардын эмгектерин каралып чыккан жана ал боюнча доктордук диссертациялык ишимде кеңири көрсөтүлгөн. Экинчи суроо боюнча учурда мындайча айтканда айыл чарбасындагы эң оорчунду маселелердин бири катары кооперативдер эсептелет. Анткени уюштуруучулук, биригүү жана башкаруу системаларында да өзгөчө кооперативдердин жалпы орду чоң. Себеби ата мекендик продукцияларды атаандаштыкка жөндөмдүүлүккө бирден бир тийгизген фактор катары кароого да болот. Аны менен бирге кооперативдердин биригүүсү айыл чарба продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүккө чоң түрткү бермек.

**4. э.и.к.,доцент Ж.У.Усанова**:1.Атаандаштыктын шарттарын жана факторлорун изилдөөдө логистикалык чынжырча түзүү жолдорун жана алардын көйгөйлөрүн изилдедиңизби?. 2. Өзүңүздүн изилдөөңүздө приариттеттерин белгилөөдө маалымат диаграммаларга таяндыңызбы?.

**С.Т.Умаров:** Биринчи суроо боюнча логистикалык чынжырча түзүү жолдорун карап чыктык өзгөчө логистикалык борборлордун замандын талабы деп эсептейм. Бул да логистикалык чынжырчалар өзгөчө атаандаштык жөндөмдүүлүккө түрткү болгон бир жагдай. Анткени айыл чарба продукциялары өз сапатын тез жоготуучу продукциялар болгондугу үчүн логистикалык борборлодун баса белгилөөгө болот. Андыктан бул жаата атайын Кыргызстандын Түштүк жаатындагы Ош шаарында, Ноокат, Өзгөн райондорундагы атайын логистикалык борборлорду ачуу туурасында доолбордук проектрлери иштелип чыкты жана чарба жүргүзүүнүн прогрессивтүү формаларын түзүүгө конкреттүү сунуштар берилген. Экинчи суроо боюнча ооба маалымат диаграммалары боюнча диссертациялык иште көрсөтүлгөн.

**э.и.к.,доцент А.А. Баймуратов**:1.Бүгүнкү күндөгү мамлекетибиздин агроөндүрүчүлөрүнүн ички атаандаштыгын изилдедиңизби?. 2. Биз ЕАЭБ га мүчөбүз, анын алкагында биздин өндүрүүчүлөрдүн атаандаштык шарттары жана факторлору кандай болду экен?

**С.Т.Умаров:** Биринчи суроо боюнча ички атаандаштык боюнча диссертациялык ишимде көрсөтүлгөн. Экинчи суроо боюнча мунун баары азыркы мезгилде өлкөнүн, айрыкча экономиканын агроөнөр жай секторунун терең

экономикалык кризиске туш болушуна шарт түздү. Буга далил катары Кыргызстан, ЕАЭБге формалдуу түрдө кирген менен, анын толук кандуу мүчөсү боло албаганын белгилесек болот.

Негизи, ЕАЭБ сыяктуу уюм анын бардык катышуучуларынын тыгыз интеграциясын көздөйт, анда Кыргыз Республикасы аз гана үлүштү ээлеп, ЕАЭБ өлкөлөрүнүн өз ара мамилелерине катышуусу аз. Анткен менен Кыргызстан көз карандысыз мамлекет жана ЕАЭБдин мүчөсү катары катары саясий салмакка ээ, бул тийиштүү чечимдерди кабыл алууда эске алынат жана республиканын экономикасынын мындан аркы өнүгүүсүндө абдан маанилүү. Бул багытта атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуунун факторлоруна ошондой эле агроөнөр жай өндүрүшүн адистештирүү, концентрациялоо, кооперациялоо кирет, бирок бул үчүн суроо-талапка жетишерлик өлчөмдө продукция сатуу жана өндүрүүчүлөрдөн керектөөчүлөргө жеткирип берүү шарттарын эске алганда тиешелүү база жана өндүрүштүк рыноктук мамилелер болушу керек.

**э.и.д.,доцент М.А. Джоробаева**: 1.Урматтуу изилдөөнүүчү сиздин изилдөөнүздүн предмети жана методологиялык теориясы жөнүндө изилдедиңизби 2.Илимий изилдөөнүздө атаандаштыкка чыгууда мисал катары айыл чарба продукцияларын карадыңызбы?

**С.Т.Умаров:** Биринчи суроо боюнча диссертациялык ишимде теориялык методологиялык изилдөөлөр жургузулгөн. Экинчи суроо боюнча кара өрүктү мисал катары айтууга болот. Салыштырмалуу жакын арада Германиянын кээ бир ишкерлери тарабынан Ала-Бука районунун дыйкандарына кара өрүктүн кургатылган payкактарын өстүрүү, кайра иштетүү жана бул продукцияны Германияга жеткирүү (поставка) боюнча кызматташтык сунушталган. Мындай кызматташуу экономикалык кызмамтташуунун жасалма эмес, чыныгы интеграциясын көрсөтөөрүн өзгөчө айтып өтүү керек, анткени суроо-талаптын түптөлүүсү жана продукцияны сатууга дем берүү тараптардын өз ыктыяры менен эркин түрдө, эң негизгиси алардын толук кызыкчылыктарында жана өз ара кызматташуусунун астында болуп өтөт.

**Төрага:** Бардык берилген суроолорго изилденүүчү тарабынан тиешелүү жооптор берилди. Илимий иштин тереңиреек талкуу жүргүзүү максатында 3 илимпозго сын пикир алуу үчүн сунуштаганбыз. Анда сын пикирчилерге сөз берсек:

**Рецензент: э.и.д., профессор Кулуева Ч.Р.** Саламатсыздарбы урматту биздин коллегиялар жана талкуугa алып чыккан Умаров Сайбидин Тойчуевичтин экономика илимдеринин доктору окумуштуусунун даражасын изденип алуу үчүн “Кыргызстандын агроөнөр-жай өндүрүшүнүн атаандаштык жөндөмдүүлүгүнө таасирин тийгизген шарттар жана факторлор”.- аттуу темадагы жазган доктордук диссертациялык ишине сын пикиримди билдирүүгө уруксат этсеңиздер. Атаандаштык – рыноктук мамилелердин зарыл элементи болуу менен товарлар менен кызматтардын өндүрүүчүлөрүнүн ортосундагы алардын сапаты жана наркын төмөндөтүү үчүн таймаштын эсебинен адамдардын материалдык жана руханий байлыктарга болгон муктаждыктарынын канааттандырылышын камсыз кылуунун

шарты катары эсептөөгө болот. Ошол эле учурда атаандаштык жөндөмдүүлүгүн камсыз кылууда ага таасир этүүчү факторлорду системага салуу жана алардын ичинен көбүрөөк таасир тийгизгендерин аныкташ керек анкени менен, факторлордун маанилүүлүгү конкреттүү шарттарга жана кырдаалдарга, ошондой эле убакытка жараша өзгөрүлөт эмеспи. Андыктан агроөнөр-жай өндүрүшүнүн продукцияларынын атаандаштык жөндөмдүүлүккө алып чыгуу учурдун талабы жана бул багытта иш алып баруу актуалдуу. Жалпысынан диссертациялык иштин үстүнөн иштеген, толугу мсенен бүткөрүлгөн иш экендигин аткарылгандыгы көрүнүп турат. Ошону менен биргеликте кемчиликтер жана сунушумду айтууга болот:

1). Мындайча айтканда агроөнөр-жай өндүрүшүнүн продукцияларынын ички атаандаштыктан сырткы атаандаштыкка алып чыгыш керек.

2). Айыл чарба продукцияларын экспорттого багытталган болуш керек жана бунун үстүнөн бышыкташ керек.

3). ЕАЭБ талаптары боюнча кайсы продукциялар атаандаштыкка туруктуу боло алат ушу багытка да көбүрөөк басым жасоо керек. Негизинен кетирилген кемчиликтер диссертациялык иштин керегесине таасирин тийгизбейт.

Жалпысынан, Умаров Сайбидин Тойчуевичтин “Кыргызстандын агроөнөр-жай өндүрүшүнүн атаандаштык жөндөмдүүлүгүнө таасирин тийгизген шарттар жана факторлор” - аттуу темадагы 08.00.05- “Экономика жана эл чарбасын башкаруу” адистиги боюнча экономика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациялык ишин кийинки этаптарга жылдырууну сунуштайм.

**Төрага:** Анда эмесе экинчи рецензентке сөз берсек, э.и.д., профессор Турдиев Таалай Исраилович Ош филиалы Россия социалдык мамлекеттик университетинин директорунун орун басары:

**Рецензент: э.и.д., профессор Турдиев Т.И.** Саламатсыздарбы урматту Ош технологиялык университетинин жамааты жана талкууга алып чыккан Умаров Сайбидин Тойчуевичтин экономика илимдеринин доктору окумуштуусунун даражасын изденип алуу үчүн “Кыргызстандын агроөнөр-жай өндүрүшүнүн атаандаштык жөндөмдүүлүгүнө таасирин тийгизген шарттар жана факторлор”.- аттуу темадагы жазган доктордук диссертациялык ишине сын пикиримди билдирүүгө уруксат этсеңиздер.

Умаров Сайбидин Тойчуевич темасы “Кыргызстандын агроөнөр-жай өндүрүшүнүн атаандаштык жөндөмдүүлүгүнө таасирин тийгизген шарттар жана факторлор” учурдун талабына актуалдыгын жоготпойт, себеби Кыргызстан айыл чарба өндүрүштөрү аркылуу алектенүү менен биргеликте көпчүлүк пайызы айыл жергесинде жашашат. Агроөнөр жай өндүрүшүнүн атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатууда жана өндүрүүдө өзгөчө мааниге ээ. Тагыраак айтканда изилдөөнүн максаты болуп экономикалык өсүү платформасы катары агроөнөр жай өндүрүшүнүн атаандаштык жөндөмдүүлүгүнө таасирин тийгизген шарттарды жана факторлорду калыптандыруунун жана пайдалануунун теориялык жана методологиялык

[illegible]ерин толугу менен иштеп карап чыккандыгын көрүүгө болот. Изилдөөдө [illegible]дардын агроөнөр жай өндүрүшүнүн продукцияларына болгон муктаждыктарын канааттандыруунун алардын рыноктогу керектөөчүлүк касиеттеринин атаандаштык жөндөмдүүлүгү менен байланыштарын жана Кыргыз Республикасынын агроөнөр жай өндүрүшүнүн атаандаштык жөндөмдүүлүгүнө таасирин тийгизген факторлорду аныктап кеңири изилдегенин байкоого болот. Ошол эле учурда айыл чарбасынын башка секторлору менен интеграцияланган экономикасынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуунун чет өлкөлүк тажрыйбасын жана аны Кыргызстанда пайдалануу мүмкүнчүлүктөрүн иликтөөгө көз чаптырган. Аны менен биргеликте эл аралык кызматташтыгынын алкагында мөмө-жемиштерди (кара өрүктү) өстүрүүнүн жана өнөр-жайлык кайра иштетүүнүн мисалында продукцияны долбоорлоонун, өндүрүштү уюштуруунун жана реализациялоонун жолдорун да логистикалык борборлордун замандын талабына ылайык ачуунун жолдорун карагандыгы маалым.

Диссертациялык эмгекте илимий жетишендиктери менен бирге кемчиликтерин да белгилеп кетүү керек, бешинчи бөлүмгө 1 параграф кошуш керек, ошондой эле стилистикалык каталар кездешет.

Жалпысынан, Умаров Сайбидин Тойчуевичтин "Кыргызстандын агроөнөр-жай өндүрүшүнүн атаандаштык жөндөмдүүлүгүнө таасирин тийгизген шарттар жана факторлор" аттуу темадагы 08.00.05- "Экономика жана эл чарбасын башкаруу" адистиги боюнча экономика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациялык ишин кийинки этаптарга жылдырууну сунуштайм.

**Төрага:** Анда эмесе ички рецензентке сөз берсек, э.и.д., профессор Ташбаев Азизбек Мазанович ОшТУ нун "Экономикадыгы колдонмо информатика" кафедрасынын башчысы.

**Рецензент: э.и.д., профессор Ташбаев А.М.** Саламатсыздарбы урматту кесиптештер жана талкууга койгон Умаров Сайбидин Тойчуевичтин экономика илимдеринин доктору окумуштуусунун даражасын изденип алуу үчүн "Кыргызстандын агроөнөр-жай өндүрүшүнүн атаандаштык жөндөмдүүлүгүнө таасирин тийгизген шарттар жана факторлор".- аттуу темадагы жазган доктордук диссертациялык ишине сын пикиримди билдирип кетейин.

Доктордук диссертациялык ишинин актуалдуулугунда шек жок, себеби рынок шартында агроөнөр-жай өндүрүшүнүн атаандаштык мүмкүнчүлүктү жогорулатуудагы таасирин тийгизген шарттар жана факторлор өлкөбүздүн, айыл чарбасын өнүктүрүүнүн негизги багыттары болуп саналат.

Азыркы учурда өлкөбүздүн агроөнөр-жай өндүрүшүнүн атаандаштык мүмкүнчүлүктү жогорулатуу боюнча бир топ изилдөөлөр жүргүзүлүп, диссертациялар корголгон. Умаров Сайбидин Тойчуевичтин агроөнөр-жай өндүрүшүнүн атаандаштык жөндөмдүүлүгүнө таасирин тийгизген шарттар жана факторлор боюнча жазылган илимий иши учур талабы. Анткени изилдөөнүн максатында төмөнкү маселелерди караган: -адамдардын агроөнөр жай өндүрүшүнүн

...цияларына болгон муктаждыктарын канааттандыруунун алардын рыноктогу ...ектөөчүлүк касиеттеринин атаандаштык жөндөмдүүлүгү менен байланышын ...изилдеген; - Кыргыз Республикасынын агроөнөр жай өндүрүшүнүн атаандаштык жөндөмдүүлүгүнө таасирин тийгизген факторлорду аныктаган;- айыл чарбасынын башка секторлору менен интеграцияланган экономикасынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуунун чет өлкөлүк тажрыйбасын жана аны Кыргызстанда пайдалануу мүмкүнчүлүктөрүн иликтеген;- агроөнөр жай өндүрүшүнүн атаандаштык жөндөмдүүлүгүн өлчөө методологиясын ачып көрсөтүү жана тактоолорду кийириген;- агроөнөр жай өндүрүшүнүн аракеттенишинин учурдагы абалын талдоонун жана атаандаштык жөндөмдүүлүгүн баалоонун негизинде аны жогорулатуунун резервдерин аныктаган;- агрардык сектордо атаандаштык артыкчылыктарын түзүүнүн негизги багыттарын караган;- агроөнөр жай өндүрүшүнүн продукциясынын атаандаштык жөндөмдүүлүгүн жогорулатуунун фактору катары аны реализациялоого стимулдарды иштеп чыккан жана мөмө-жемиштерди (кара өрүктү) өстүрүүнүн жана өнөр-жайлык кайра иштетүүнүн мисалында продукцияны долбоорлоонун, өндүрүштү уюштуруунун жана реализациялоонун эксперименталдык эсептөөлөрүн жүргүзгөн.

Бирок иште стилистикалык жана грамматикалык каталар кездешет жана редакциялоо сунушталат. Ошондой эле теориялык практикалык изилдөөнүн негизинде өркүндөтүүнү күчөтүү керек. Изилдөөдө статистикалык маалыматтар, таблицалар кенири колдонулган. Ошондой эле, жалпы илимий жаңылыктардын деңгээлин көрсөтүп койуш керек. Бирок жогорудагы кемчиликтерге карабастан доктордук диссертациялык ишин өз алдынча бүткөн изилдөө катары эсептейм.

Негизинен, Умаров Сайбидин Тойчуевичтин “Кыргызстандын агроөнөр-жай өндүрүшүнүн атаандаштык жөндөмдүүлүгүнө таасирин тийгизген шарттар жана факторлор” аттуу темадагы 08.00.05- “Экономика жана эл чарбасын башкаруу” адистиги боюнча экономика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациялык ишин кийинки этаптарга сунуштайм.

**Төрага:** Диссертациялык ишти талкуулоо учун жарыш сөзгө өтсөк. Жарыш сөзгө чыккандар: г.и.д, профессор А.Г.Низамиев, э.и.к., доцент А.А.Баймуратов, э.и.к.,доцент А.К Атабеков, ОшТУ «Менеджмент» кафедрасынын башчысы,; ф.и.к., доцент Ж.А. Кедейбаева ОшТУ нун “Социалдык иштер жана бизнести башкаруу” кафедра башчысы; б.и.к.,доцент м.а З.А.Тешебаева ОшТУ нун илим бөлүмүнүн башсысы сөзгө чыгышты.

**Төрага:** Анда жарыш сөздү г.и.д, профессор А.Г.Низамиевге берсек:

**г.и.д, профессор А.Г.Низамиев.** Глобалдаштыруу транспорттук тутум менен тең катарда заманбап дүйнөлүк экономиканын өнүгүүүндө өтө чоң ролду ойногон маалыматтык коммуникациялардын дүйнөлүк тутумун да алга сүрөдү. Глобалдашуунун шарттарында тигил же бул өлкөнүн маалыматтык коммуникациялардын дүйнөлүк каналдарына улангандыгы көп жагынан алардын эмгекти эл аралык бөлүштүрүүдөгү жана дүйнөлүк экономикадагы ролун жана ордун аныктайт.

Азыркы учурда атаандаштыкка турукту продукцияларды айтуу кыйын жана өз жаата органикалык продукцияларды өстүрүү, жашыл экономика, көлөмдүү продукцияларды өндүрүү жана экологиялык таза продукцияларды алып чыгууга аракет кылыш керек ошону менен биргеликте кооперативдерди түзүп бириктириш керек. Аны менен бирге экспорттук жана импорттук амалдардын өнүгүүсүнө товарлардын, жумушчу күчүн, каржылык каражаттардын, технологиялардын жана маалыматтардын улуттук чек аралар аркылуу үзгүлтүксүз өсүп жаткан алга жылдырылуусу сыяктуу жараяндар таасирин тийгизээрин айта кетүү зарыл.

Жалпысынан, Умаров Сайбидин Тойчуевичтин "Кыргызстандын агроөнөр-жай өндүрүшүнүн атаандаштык жөндөмдүүлүгүнө таасирин тийгизген шарттар жана факторлор" аттуу темадагы 08.00.05- "Экономика жана эл чарбасын башкаруу" адистиги боюнча экономика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациялык ишин, кээ бир айтылган кемчиликтерди оңдоп түзөө менен кийинки этаптарга жылдырууга оң пикиримди берем жана сиздерди колдоп кетүүнүздөрдү суранам.

**Төрага:** Анда жарыш сөз э.и.к., доцент А.А.Баймуратовго берсек:

**э.и.к., доцент А.А.Баймуратов.** Теманын актуалдуулугунда сөз жок мен кээ бир диссертациялык иштердин кандай жасалып келгенин көргөнбүз ал эми Сайбидин Тойчуевичтин илимий иши салыштырмалуу кыйла жакшы жасалгандыгын кыргызча маазмуну жагынан ж.б.көрүүгө болот. Бирок бул илимий ишти мындайча айтканда докторлук диссертациясын дагын терең ачып караса болмок. Ошол эле учурда кээ бир жактарына карап койуучу маселе стилистикалык каталарды көрүүгө болот кыргызча "ң" тамгаларынын белгилеп койуу. Аны менен биргеликте ички атаандаштыкка болгон продукцияларды аталыштарын, ЕАЭБ алкагында же болбосо экспорттоо багытындагы конкреттүү продукцияларды кийрип анын атаандаштыкка туруктууллугун да чукул терең изилдөө жүргүзсо диссертациялык иштин көркүнө чыкмак. Дагын айта турган нерсе кээ бир таблицанын динамикалык көрсөткүчтөрүн кошулса жакшы болмок.

Жалпысынан, Умаров Сайбидин Тойчуевичтин "Кыргызстандын агроөнөр-жай өндүрүшүнүн атаандаштык жөндөмдүүлүгүнө таасирин тийгизген шарттар жана факторлор" аттуу темадагы 08.00.05- "Экономика жана эл чарбасын башкаруу" адистиги боюнча экономика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациялык ишин, кээ бир айтылган кемчиликтер терс таасирин тийгизбейт аларды оңдоп түзөө менен кийинки этаптарга жылдырууга сунуштайм.

**Төрага:** Анда жарыш сөздү э.и.к., доцент А.К.Атабековго берсек:

**э.и.к., доцент А.К.Атабеков.** Негизинен диссертациялык иштин анализ бөлүгүнө бир аз көбүрөөк көңүл буруп бышыкташ керек, аны менен бирге цифралар 10 жылдык болсо сонун болмок, киришүү бөлүмү көп азайтуу зарыл жана адабияттардын санын мүмкүн болушунча 250 беттен көбүрөөк кылып кошуп койсоңуз жакшы болмок. Негизиненен Умаров Сайбидин Тойчуевичтин 08.00.05- "Экономика жана эл чарбасын башкаруу" адистиги боюнча доктордук

...диссертациялык иши бүткөрүлгөн иш катары бааланып кийинки этаптарга жиберүүгө макулмун.

**Төрага:** Анда жарыш сөздү ОшТУ нун илим бөлүмүнүнүн башчысы б.и.к., доцент м.а. З.А. Тешебаевага берсек:

**б.и.к., доцент м.а. З.А. Тешебаева.** Саламатсыздарбы урматтуу коллегиялар негизи "Экономика жана башкаруу" факультети башка факультеттерге караганда илим чөйрөсүндө өзгөчө орду бар деп эсептейм. Мына бүгүн Умаров Сайбидин Тойчуевичтин доктордук диссертайиялык иштин талкууга койуусу ОшТУ да жакшы жышаан болуп жатат. Негизинен диссертациялык иш өз максатына жеткендигин көрүүгө болот анткени Сайбидин Тойчуевич доктордук диссертациясынын үстүндө канча жылдан бери иштеп жүргөндүгүн билебиз. Эми мен өз сунушумду билдирип кетсем. Презентациялык докладында таблица диаграммаларды көбүрөөк колдонсо жакшы болмок бул докладдын көркүн ачмак. Корутунду боюнча көбүрөөк жазылган азайтыш керек. Кыргызстан агроөндүрүш продукцияларын сапатына жана көлөмүнө жооп бере албай жатабыз ушул жактарын терең көңүл бөлүп изилдесе атаандаштыкка биздин продукцияларыбыз туруктуу болот эле. Бирок бул айтылгандар доктордук диссертациянын ишинин керегесине терс таасирин тийгизбейт.

Жалпысынан алганда Умаров Сайбидин 08.00.05- "Экономика жана эл чарбасын башкаруу" адистиги боюнча экономика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациялык ишин кийинки этаптарга жылдырууга сунуштайм.

**Төрага:** Анда жарыш сөздү ОшТУ нун "Социалдык иштер жана бизнести башкаруу" кафедрасынын башчысы ф.и.д., доцент Ж.А. Кедейбаевага берсек:

**ф.и.д., доцент Ж.А. Кедейбаева.** Урматту кесиптештер мен кыскача эле айтып койойун сунуш катары эле. ВАК тын талаптарына ылайык формасына салып диссертациялык иштин деңгээлин жогорулатып койсоңуз өзүңүзгө жакшы болмок. Баарынан бул илимий ишти бүткөн иш катары баалап кийинки этаптарга жылдырууга макулмун.

**Төрага:** Урматту кесиптештер сиздер менен изилдөөнүүчү С.Т Умаровдун илимий ишин талкулоо жыйынтыкталып жатат процедура боюнча илимий ишти кийинки этабына сунуштоо боюнча добушка койом.

**Добуш берүүнү баштайлы**. Умаров Сайбидин Тойчуевичтин 08.00.05- "Экономика жана эл чарбасын башкаруу" адистиги боюнча экономика илимдеринин доктору окумуштуусунун даражасын изденип алуу үчүн "Кыргызстандын агроөнөр-жай өндүрүшүнүн атаандаштык жөндөмдүүлүгүнө таасирин тийгизген шарттар жана факторлор".- аттуу темадагы жазган диссертациялык ишин колго салам.

**Добушка салуу:** Кимде ким илим изилденүүчү С.Т.Умаров ишин кийинки этапка сунушталсын дегенге **макул дегендер** кол көтөрүп койуңуздар:

***Каршы жок.***

***Калыс жок.***

*Бир добуштан* ***баары*** *колдошту.*

**Пикира:** Доктордук диссертациялык иштин талкуусунун негизинде жыйынтыктап койсок.

**Корутунду**

Корутундуда диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча диссертант Кыргызстандагы агроонор-жай өндүрүшүнүн атаандаштык жөндөмдүүлүгүнө таасирин тийгизүүчү шарттар жана факторлоруна багытталган жыйынтыктарды жана сунуштарды даярдаган. Бирок экономикалык өнүгүү экономиканын бири-бири менен тыгыз байланышта болгон ар түрдүү секторлорунун өндүрүштүк-сатуу ишмердүүлүктөрүн замандын талабына ылайык конкреттүү алака мамилелериндеги келишимдерини жана уюштурууну көрсөтүү зарыл. Агроөнөр жай өндүрүшүн алып караганда, ага экономиканын ар башка секторлору (айыл чарбасы жана өнөр жайы) кирген менен, алар өз ара технологиялык, керектөөчүлүк жана уюштуруучулук жактардан алганда тыгыз байланышта, өстүрүлгөн айыл чарба продукциясы өнөр жайлык кайра иштетүүдөөгү жана андан ары продукция соода каналдары аркылуу алга жылып отуруп керектөөчүгө жеткирүү багыттарын тереңиреек изилдөө керек.

Агроөнөр жай өндүрүшүнүн жалпы натыйжалуулугуна жетишүүгө, айыл чарбасы менен кайра иштетүүнүн интеграцияланышын камсыз кылууга, айыл чарба продукцияларын өндүрүүнүн, өнөр жайлык кайра иштетүүнүн, товарларды алга жылдыруунун жана сооданын уюштуруучулук биримдигине жетишүүгө комплекстүү мамилелерин (кооперативдер, агроөнөр жай жана соода бирикмелери сыяктуу уюштуруучулук түзүмдөрж.б.) дагын да терең изилдеп так даана көрсөтсө кийинки этаптарындагы жеңилдиктер болмок. Ошол эле учурда дагы белгилей кетчү нерсе таблицаларда, графиктердин, адабияттын тизмектери жана адабиятка койулуучу ссылкаларды тегиздөө, граматикалык, стилистикалык каталарды оңдоо зарыл.

Жалпысынан Умаров Сайбидин Тойчуевичтин доктордук диссертациялык иши өз алдынча бүткөрүлгөн илимий иш катары эсептелип, диссертациялык кенеште талкулоого жана андан кийинки этаптарда коргоого сунушталат.

**Жыйынтыктоо**

Умаров Сайбидин Тойчуевичтин 08.00.05- “Экономика жана эл чарбасын башкаруу” адистиги боюнча экономика илимдеринин доктору окумуштуусунун даражасын изденип алуу үчүн “Кыргызстандын агроөнөр-жай өндүрүшүнүн атаандаштык жөндөмдүүлүгүнө таасирин тийгизген шарттар жана факторлор”.-аттуу темадагы жазган доктордук диссертациялык ишин Ош технологиялык университетинин «Экономика жана башкаруу» факультетинин «Экономика жана финансы» жана «Бухгалтердик эсеп жана аудит» кафедраларынын 2022-жылдын 13-октябрындагы биргелешкен кеңейтилген отурумунан

**Токтом кылынат:**

1.Изденүүчү Умаров Сайбидин Тойчуевичтин экономика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык эмгеги

жыйынтыкталган, теориялык жана практикалык жактан маанилүү, актуалдуу темада жазылган диссертациялык эмгек деп эсептелинсин.

2. 08.00.05- “Экономика жана эл чарбасын башкаруу” адистиги боюнча экономика илимдеринин доктору окумуштуусунун даражасын изденип алуу үчүн “Кыргызстандын агроөнөр-жай өндүрүшүнүн атаандаштык жөндөмдүүлүгүнө таасирин тийгизген шарттар жана факторлор” аттуу темадагы диссертациялык ишти, сын-пикирлерди эске алуу менен диссертациялык кеңешке андан ары илгерилөө үчүн сунушталсын.

**Кеңейтилген отурумдун төрагасы:**
«Экономика жана финансы»
кафедрасынын башчысы; э.и.к., доцент Зикираев М.Т.

**Кеңейтилген отурумдун катчысы:** окутуучу Кудайбердиева А.С.

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ

ОШ ТЕХНОЛОГИЯЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ
КОЛУН ТАСТЫКТАЙМЫН
Кадрлар бөлүмүнүн башчысы
Алиева Алтынай Камаловна
«01» 11 2022-ж.